**УДК 811.512.154:371.3**

**КАРОЛОВА А.М., ДУМАНАЕВА М.Г.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**КАРОЛОВА А.М., ДУМАНАЕВА М.Г.**
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**KAROLOVAA.M., DUMANAEVAM.G.**
*J. Balasagyn KNU*

# В2 ДЕҢГЭЭЛИНДЕГИ СТУДЕНТТЕРГЕ ЛИРИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## Особенности обучения лирических произведений студентов уровня В2

## Features of teaching lyric works of students of level B2

***Аннотация.*** *Бул макалада жогорку окуу жайлардын ортодон жогору В2 деңгээлиндеги студенттерине адабиятты, анын ичинен лирикалык чыгармаларды окутуунун айрым бир өзгөчөлүктөрү каралган. Адабият-таанып билүүнүн жана тарбиянын булагы. Кыргыз тили жана адабияты предмети-студенттердин ар тараптан өнүгүшүнүн таасирдүү каражаты болуп саналат. Адабият "көркөм изилдөө" же "адам таануу" катары мүнөздөлөт. Демек, инсанды калыптандыруудагы адабияттын, анын ичинде лирикалык чыгармалардын ар бир окурмандын жан дүйнөсүнөн түнөк тапкыдай шыктандыруучу касиети бар экендигин студенттерге жеткире билүү –бул изги чыгармачылык.*

***Аннотация.*** *В этой статье говорится о высших учебных заведениях среди студентов с уровнем выше среднего В2 при изучении литературы в том числе лирических произведений и их особенностей. Литература источник знаний и культуры. Принято, что кыргызский язык и литература являются предметами, которые развивают у студентов их знания и кругозор. По средствам литературы происходит исследование и знакомство с тем или иным характером. Так как литература в том числе лирические произведения формируют личность читателя, его внутренний мир, облагораживают его душу. Возможность доставить студентам произведений, повысить уровень интеллекта студентов -это великое творчество.*

***Abstract.*** *Thisarticletalksabouthighereducationalinstitutionsamongstudentswithalevelabovetheaverage B2 in the study of literature, including lyric works and their characteristics. Literature is the source of knowledge and culture. It is accepted that the Kyrgyz language and literature are subjects that develop students' knowledge and outlook. Through the means of literature, research and acquaintance with this or that character takes place. Since literature, including lyric works, forms the personality of the reader, his inner world, ennobles his soul. The sacred duty of these works is to raise the level of intelligence of students.*

***Урунттуу сөздөр:*** *дүйнө таануу, лирика, жанр,адабият, методика, окутуу, инсан, шык, жөндөм, жан дүйнө, өмүр.*

***Ключевые слова:*** *позновать мир, лирика, жанр, литература, методика, обучение, личность, везение, дельность, мир души, жизнь.*

***Keywords:*** *explore the world, lyrics, genre, literature, learn, person, luck, range, peace of the soul, a life.*

Мезгил өткөн сайын методикалык-теориялык илимдердин мазмуну өзгөрүп, илимий таанып билүүнүн методдору өркүндөдү. Натыйжада окутуунун интерактивдүү методдору, технологиянын жаңы идеялары, табылгалары, окуу, тарбия процесстеринде тажрыйбалоо мүмкүнчүлүктөрү практикаланып, адабият сабагын В2 деңгээлиндеги студенттерге жаңыча ыкма менен окутуу натыйжалуу экендигин ырастады. Жаңыча ыкманы пайдалануу менен аудитория ичинде студент менен студенттин, студент менен окутуучунун өз ара аракетте болуусун, максаттуу пикир алышуусун жана мамилелеринин активдешүүсүн көрө алабыз. Мугалим насаатчы, багыттоочу катары теманы аныктап жана түшүндүрүп, тапшырманы аткаруунун убактысын белгилеп, маалыматтарды топтоп, идеяларды тактоого жардамдашып, ар бир баланын

оюн угуп, теория менен практиканы айкалыштырып, талкуунун аралыгында жыйынтыктоочу бүтүм чыгарып турат.
Коомубуздагы илим менен технологиянын улам жаңы ачылыштары пайда болуп жаткан учурда адабиятты, анын ичинен лирикалык чыгармаларды үйрөтүүдө жаңы табылгаларды, усулдук ыкмаларды колдонуу өтө маанилүү. Андыктан, кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында окутууда XX кылымдын тажрыйбаларына таянуу менен XXI кылымдагы окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуу зарыл деп эсептейбиз.

Билим берүү тармагында, анын ичинде ЖОЖдо ортодон жогорку (B2 деңгээли) топтордо кыргыз адабиятын окутуунун сапаттык деңгээлин жогорулатуу актуалдуу маселелердин бири болуп келе жатат. Студенттердин адабиятка кызыгуусун арттыруу – мугалимдин сабак өтүү чеберчилигинен да түздөн-түз көз каранды.

Адабият сабагы – студенттердин акыл-сезимине, жан дүйнөсүнө объективдүү турмуш чындыгынын ар кыл жактарын чогуу камтып көрсөтүү менен, аны көркөм эстетикалык негизде, сулуулук мыйзамдуулуктары аркылуу үйрөнүү боюнча системалуу, пландуу билим-тарбия берген бирден-бир предмет. Адабиятты окутууда “Манас” эпосу, акын-жазуучулардын өмүр баяны, чет элдик сүрөткерлер менен алардын чыгармалары боюнча лекция ыкмасын колдонуунун зарылдыгы, көркөм дөөлөттөрдү талдоо, көркөм окуу, суроо жооп, текстке жакындатып сүйлөп берүү ж.б. амалдарын пайдалануу материалды образдардын типтүүлүгүнө, идеялык-мазмунуна, адабий эстетикалык, тарыхый көркөм касиетине, жанрдык стилдик бөтөнчөлүгүнө жараша чыгарманы ачып берүү маселеси турат. Айрыкча лирикалык чыгармалар менен алгач мектепте таанышса, кийин аң-сезими жогорулаган мезгилде, б.а. студенттик куракта улантып окушат. [9]

Адабий чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө, эстетикалык маданиятты көтөрүүдө адабияттын искусстволук бөтөнчөлүгүн туура таанууда адабий тектер, түрлөр жана жанрлар боюнча билим алуунун мааниси чоң.

Адабиятты окутуунун методикасында чыгармалардын жанрларына карап окутууга өзгөчө көңүл бөлүнөт. Лириканы окуткан усулдар менен драманы үйрөтүү мүмкүн эмес. Ошондой эле окутуучулардын, студенттердин китепкөйлүк кызыгууларында бул же тигил жанрга, текке, түргө кызыгуу бирдей болбойт. Бири эпикага кызыкса, бири лирикага кызыгат, бири психологиялык татаал чыгармаларды окуудан чайналса, бири пейзаждык лириканы түшүнө албай кыйналат. Кыскасы, үйрөнүлүүчү чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгү менен адабиятты окурманга жеткирүүчү сабак процесси тыгыз байланышта болот. Ал эми жогорку окуу жайларындагы адабият сабагы инсандын ар бир чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгүн үйрөнүүнү, биринен экинчисин өйдө-ылдый койбоо максатын көздөйт. Ошол үчүн программага эпикалык, лирикалык чыгармалар, проза, поэзия, драманын түрлөрү жана ар түрдүү жанрлар аралашып, бири-бирин толуктап келет.

Көркөм адабиятта байыркы доордон бери үч тек: лирика, эпика, драма жашап келе жатат. Аны грек адабиятынын негизинде ошол элдин ойчулу Аристотель биздин доорго чейинки V кылымда негиздеген. Ал көркөм адабияттын башкы предмети - адам деген теорияны ачкан. Үч тек адамды кандай сүрөттөгөндүгүнө жараша ажыратылган. Анын бири (лирика) адамдын (лирикалык “мендин”) жан-дүйнө сезимин туюнтса, экинчиси (эпика) ал жөнүндө баяндап берген. Үчүнчүсү драма, мында окуя, көрүнүш ошол тушта өтүп жаткан өңдүү болуп, ачык асман алдындагы сахнада каармандардын өз ара сүйлөшкөн диалогу аркылуу өнүккөн.

“Лирика” термини гректин “лира” (байырка гректердин музыкалык аспабы) сөзүнөн тамырланып, адабиятта көркөм сөз өнөрүнүн белгилүү чегин аныктаган түрүн камтып калган. Лириканын кең мааниде колдонулушу фольклордо кездешкен жалпы эле майда көлөмдөгү поэтикалык чыгармаларды бир жанрга бириктирип, адамдын ички сезимин аныктоочу кайгы, кубаныч, сүйүү, лирикалык чегинүүнү туюнткан ар кыл эмоция, канааттануу, кайгыруу, чөгүү, кыялдануу, жыргал табуу, жүрүм-турум эрежелери, теңирге, жаратылыштын керемет күчүнө, анын көрүнүштөрүнө табынып-сыйынуу, акылмандыктын асыл наркын даңазалаган кыска көлөмдөгү, ар бири өзүнө тиешелүү ыргак-обонго салынган чыгармалардан турат. Ал эми лириканын тар маанидеги түшүнүгүндө арзуу ырларын гана атап коюу зарылдыгы келип чыккан. Арзуу ырлары лирикалык жанрдын ичиндеги кеңири өнүккөн түрүнө кирет. Арзуу лирикасы сүйүү лирикасы деп да аталып жүрөт. Сүйүү лирикасы - кыргыз фольклорунда өтө эле кеңири таралган жанр. Кыргыз лирикасы доордун өнүгүшү, замандын агымы менен заман талабына жараша бирде толукталып, кээде солгундап, өз өмүрүн кечирип келет. Бирокалардын арасында чыныгы адамзаттын жашоосунда орчундуу орунду ээлеген өлүм, өмүр, сүйүү, табият, тагдыр, тиричилик жөнүндөгү түбөлүктүү темалар өмүрүн уланта берээри анык.

Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы тематикасы боюнча бири-биринен айырмаланып турган лирикалык жанрдын көп түрлөрүн камтыйт. Кылымдар бою элибиз жараткан жана оозеки сактап келген фольклордук материалдардын орчундуу тобун лирикалык чыгармалар түзөт. Лирикалык чыгармалар майда, көлөмү чакан болгону менен алардын мазмунунда эл турмушунун эң көп жактары камтылып, калктын ой-санаасы, түшүнүгү, үмүт-тилеги, табигый жана коомдук көрүнүштөргө карата болгон мамилеси, күрөшү чагылдырылган. Кыргыздын оозеки лирикалык ырлары тематикалык мүнөзүнө ылайык үч чоң топко бөлүнөт: эмгек, салт, турмуш ырлары.

Эмгек процессине байланыштуу жаралып, адамдардын эмгекке карата болгон мамилесин чагылдырган, оор турмушту жеңилдетүү максатын көздөгөн “Бекбекей”, “Шырылдаң”, “Оп майда”, “Тон чык”, “Ор, орогум” сыяктуу эмгек ырларын кошсок болот. Дагы бир лирикалык жанрдагы чыгармалардын чоң тобун калк арасындагы белгилүү салт, жөрөлгө-жосундарынын талабына ылайык аткарылуучу ырлар түзөт. Алар жалпы жолунан салт ырлары деп аталып, бирок тематикасына, салттык жөрөлгөлөрдүн мүнөзүнө карата бир катар майда жана чоң түркүмдөргө бөлүнөт. Мисалы, адамды жоктоо, керээз, угузуу, кошок ж.б. бир нече түргө бутактанып кетет.
Лирикалык жанрдын дагы бир орчундуу чоң тобун турмуш ырлары түзөт. Турмуш ырларынын да тематикасы көп жактуу болуп, калк арасындагы ар түркүн көрүнүштөрдү кеңири баяндагандыктан алардын коом таанытуучулук мааниси зор жана эл абалы, көз караштары, түшүнүктөрү, психологиясы, сезими, кыялы, тилеги менен таанышууда чоң мааниге ээ.

Турмуш ырлары да мазмунунун мүнөзүнө, тематикасына карата өз ара бутактанып, бир катар майда жанрдык бөлүкчөлөргө бөлүнөт. Мисалы, арман ырлары, айтыш ырлары, мактоо, кордоо, сүйүү ырлары ж.б.

Лирикалык чыгармаларды талдоодо, анын тектик табиятына токтолуу студенттер үчүн анча оордук түзбөйт. Ошондуктан, окутуучу бул курста эң алгач лирикалык чыгармаларды талдоо иши башталганда эле лириканын башка тектерден айырмасына басым жасашы маанилүү.

Лириканы студенттер түшүнүү үчүн окутуучу лирикалык чыгарманын аныктамасын берип, сөзсүз аны балдарга жаттатуусу зарыл эмес. Тескерисинче, аны студенттер өздөрү ошол чыгармаларды окуп үйрөнүп жатып баамдагыдай, белгилүү бир темадагы ырды окуп элестетип, берилген суроого жооп бергидей болушу жөндүү. Окутуучу ырдын текстин тааныштырууда, анын темасын, идеясын, берилген ойду дал ошондой жеткире алган болсо, анда ар бир студент лирикалык чыгарманын табиятын эч кандай кыйынчылыксыз кабыл алууга жетишет. Учурда акындар же болбосо поэзия күйөрмандары тарабынан лирикалык ырлар аудио же видео форматта жаздырылып келет. Айрыкча жаш акындардын чыгарган чыгармалары да өз үндөрү менен көркөм окулуп, сапаттуу жаздырылып сакталууда. Даяр аудио-видео материалдар жеткиликтүү окулган болсо, аларды студенттерге жандуу уктуруу, экрандан көрсөтүү оң натыйжа берет деген ойдобуз.

"Поэзия-адам рухунун туундусу,-деген акын С.Эралиев, ал рух ар бир пенденин жүрөгүндө болсо, биз жалпы адамзаттык рух акыл-эсине ээ болор элек. Куран да, Библия да - күчтүү поэзиянын үлгүсү. Ислам дининин өзөгү, курандын сөзү-позиянын сөзү. Бул ыйык сөз адам баласынын нечен кылымдардан бериамандык, тазалык жолуна карай баштап келет. Демек, чыныгы поэзия ал адамды дүйнөдө аман калуу жолуна, тазалыкка баштап барат... Адабият - адамдын ички талабына багытталган дөөлөт. Адабият, эң оболу, турмуштук болсун", -деп акын айткандай, "адам рухунун туундусун", "эчен кылымдардан бери амандык, тазалык жолун баштап келген", "адамды дүйнөдө аман калуу жолуна" жетелеген, "адамдын ички талабына багышталган көркөм дөөлөт" деген сөз өнөрүн канткенде бала дүйнөсүнө багыштап, баланын чаңкап турган чөлдөгөн талаасын канткенде анын жамгыры менен көнөктөтүп чыгабыз деген суроо-кыргыз адабиятын окутуу багытындагы илимпоздун да, мугалимдин да көкүрөк дарты [6 :14-15-б.]

Өркүндөтүлгөн окуу программасындагы кыргыздын залкар акындарынын лирикалык чыгармаларын талдап түшүнүүдөстуденттер үчүн оорчулук түзчүдөй сезилет. Бирок практика көрсөткөндөй, окутуучу сабакка жан дили менен берилип, ар бир темага чыгармачылык менен мамиле кылса, студентти ого бетер шыктандырып, поэзияга карата ышкысын ойготуп, образдуу ойлонууга, табияттын көрүнүшүн, өзүнүн айрым байкоолорун поэтикалык сүйлөмдөр аркылуу уйкаштырууга көмөкчү болот. Лирикалык чыгармаларды талдоодо ал текке мүнөздүү форма студенттер үчүн кыйынчылык түзбөй койбойт. Анткени аларды теориялык билим менен аныкталуучу уйкаштыктын түрлөрү, ыргак, рифма, ритм түшүнүктөрү студенттерге жеткиликтүү болушу зарыл. Лирикалык чыгармаларды окутуу, окутуучунун педагогдук чеберчилиги менен, студенттердин психологиялык, коомдук -социалдык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу аркылуу мазмуну, формасы шарттуу түрдө бөлүштүрүлүп, ар бир сабактын жүрүшүндө лирика боюнча теориялык түшүнүктөр бекемделип, андан ары тереңдетилип окутулат.Маселен, адабий, анын

ичинен лирикалык чыгарманы окууда б.а., текстке интерпретация (Англис тилинин Оксфорд сөздүгүндө *интерпретация* латын тилинен алынгандыгын белгилеп, “бир нерсенин маанисин чечмелөө иш-аракети” катары берилген. Оксфорд англис сөздүгү, 2005) жасаганыбызда, тексттеги кээ бир идеяларды таап чыгып, аларды бөлүп карап, андагы айрым маселелерге өзгөчө көңүл бурабыз. Мисалы, Шайлообек Дүйшеевдин “Эне тилин унуткандар” ырын өтө турган болсок, ырдын текстин слайд түрүндө экранга чыгарабыз. Ошону менен катар студенттерге чакырык жасоо, т.а., студенттерди бүгүнкү темага тартуу, кызыктыруу максатында, Райымжан Курбановдун көркөм айтуусундагы эң мыкты ырдын көркөм окулушун видео же аудио форматта студенттерге тартуулайбыз:

Чырмалышкан иштин да чатышы бар,
Чындыктын да чыгышы, батышы бар.
Чытырмандын Кудайы пил эле эмес,
Чымындын да жашоого акысы бар.

Сайдын дагы башталган башаты бар,
Саяпкердин сактаган такасы бар.
Өрөөндөгү кенедей өзөндүн да,
Өз тилинде чардаган бакасы бар.

"Кыргызмын" дейсиң мага,
Кыйшактап бийлеп туруп,
"Кыргызмын" дейсиң мага,
Кыргызча араң сүйлөп туруп.

Кыргыз эмес кыргызды жыдыткандар,
Кылым кезген тарыхын унуткандар,
Кыргыз эмес кыйшайтып калпак кийип,
Кадыр-баркын калкынын куруткандар!

Тил жоголбойт,
Жоголсо, жоголот дил,
Уулуңдагы, кызың да жоголот, бил!
Тил жоголбойт, жоголсо айланасың,
Колу-бутсуз мунжуга тоголок бир!

Калдайгандын баары эле канат эмес,
Кабыландын баары эле Манас эмес.
Калкынчанган, калкынын тилин чанган,
Кан болсо да кыргыздын баласы эмес. [8]

Бул жерде ырдын текстин экрандан, тактадан көрүү менен катар анын күчтүү, патриоттук сезим менен көркөм окулушун угуп, ар бир студенттин кыргыз тилине болгон сезимдери ойгонуп, жандана баштайт. Эми текстти уккан соң, ар бири көркөм окууга шыктанат. Мына ошол учурда студенттин жөндөм-шыгын, лирикага болгон кызыгуусун билүү максатында текстти эки, үч студентке окутуп көрөбүз. Студенттер окуган соң, ырдын текстинде берилген түшүнүксүз сөздөр менен иштетүү ашыкча болбойт. Биздин тажрыйбада (айрым студенттердин орус мектепти аяктагандыгын эске алабыз) андай сөздөр төмөнкүлөр болду:чытырмандын, сайдын, саяпкердин, жыдыткандар, дил.

Окутуучу берилген сөздөрдүн маанисин дароо өзү чечмелеп, түшүндүрүүгө шашылбоосу керек. Ал суроо жалпы аудиторияга берилет, жоопторду угулат, талкууланат жана жыйынтык чыгарылат. “Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн” жардамы аркылуу берилген сөздөрдүн маанилери чечмеленет:

*Чытырман*. Өтө калың, жыш (токойго карата) Чытырман токойлору адамды суктандырат (Абдукаимов). Карарып жаткан калың бак, өзүнчө чытырман токой (Убукеев).

*Сайдын*. Суу жүргөн нук, алыш. Кар эрип, сайларда суу көбөйгөн кез. (Үмөталиев). 2. Таштуу кургак талаа. 3. Мылтыктын стволуна, бурамага жылга-жылга оюк түрүндө тушүрүлгөн из.-Кана, мындай болгула!-деди Ашыр, туткасына чейин буралган сайы бар бургуну алып келип (Сасыкбаев).

*Саяпкер.* Күлүктү таптаган адам. Күндө чыккан күлүккө Саяпкер алган тер кызык (Токтогул). Ат байлаган саяпкер, Ар өнөрдөн талапкер (Токтогул).Такаң кайда, ташыркаптыр туягың, Мен саяпкер,- тулпарларың туямын (Маматова).

*Жыдыткандар.* Теринин жүнү чач, түк түшүү, жапырт түшө баштоо, жалаң териси калуу.

*Дил.* Көңүл, ниет. Өлөң тилдүү, дили бирге кандашым. Шайыр шаңдуу кайда жүрсө жандашым (Токомбаев). Дил ооруткан дос эмес. Дили таза адам. Бул маалыматтар студенттердин дептерлерине жазылып, ар бир сөздү катыштырып, 2-3төн кем эмес сүйлөм түзүү тапшырмасы берилет. Студенттер сүйлөм түзгөнчө, окутуучу өзү кайрадан көркөм окуйт. Бул иш-аракеттер студенттерди көркөм окууга, көркөм окуунун техникасын, дикция, интонацияларын туура коюуга үйрөтүү, тарбиялоо максатын эле көздөбөстөн, эне тилдин эне сүтү менен адам баласына кошо берилген белек экенин, аны көздүн карегиндей сактоо, аздектөө керектигин айтып өтүүсү керек. Ар бир адам баласы энеге кандай мамиле кылса, эне тилине да ошондой улуу, урмат сыйды тартуулап, анын мээримдүүлүгүн, татынакайлыгын, сулуулугун даңазалап, ага көздүн карегиндей аяр мамиле жасап, аны ыйык тутуу керектигин, келечек муунга сактап, өткөрүп берчү мурас экенин белгилейт.

Окутуучу андан ары эки элдин ыр саптарын салыштырып окуп, Венндин диаграммасын түзүүнү өтүнөт. Ар бир бөлүк боюнча тилдик каражаттарды пайдалануу аркылуу өз ойлорун баяндап, кыскача айтып берүүсүн суранат. Чыгармалардын окшоштуктары, айырмачылыктары жана атуулдук сезимдер жөнүндө ой бөлүшүүгө чакырат.

Эне тил

Кымбаттан кыналышып бүткөн тилим,
Кылымдан азиз энем күткөн тилим.
Төрөлүп бул дүйнөгө көз ачканда,
Жаралып жаным менен бүткөн тилим.
Тилиңе кулдук кылам энем, атам!
Бул тилдин кылдат, кымбат сырын ачам,
Канымды сыя кылып китеп жазам.
«Таң эрте тил өмүрү бүтөт», - десе,
Күн менен уккан кечте кошо батам.
*Кыргыз эл акыны АбдрасулТоктомушев* [8]

Эне тил

Мына ошентип жалгыз өлүп жаттым мен,
Ал аңгыча жакыныраак бир жерден,
Эки авар баратышты сүйлөшүп,
Өзүм билген сүйгөн эне тил менен…
Анан кызык … ошол сүйкүм добуштар,
Бой балкытып, денеме жан киргизди.
Врач, бакшы даба болбой, болушар,
Эне тилим өзү мени тиргизди.
… Эртең тилим жок болоору чын болсо,
Анда бүгүн жан кыюуга даярмын.
*Авар эл акыны Расул Гамзатов* [8]

Сабактын жүрүшүндө авар эл акыны Расул Гамзатов тууралуу суроолор берилиши мүмкүн. Мындай суроого студенттердин толук жообун күтүү же талап кылуу туура болбойт. Себеби, биз, жогорудагы “Эне тил” жөнүндө ырга толуктоо киргизүү максатында башка элдин тили, алардын да өз тилине болгон сый-урматын салыштыруу максатында гана берип жатабыз. Студенттердин жоопторуна толуктоо киргизип, Расул Гамзатов Дагестандагы авар элинин акыны экендигин, ошондой эле анын “Менин Дагестаным” деген китеби ондогон тилдерге которулгандыгы тууралуу маалымат берип, аталган китепти кыргыз тилине Аман Токтогуловдун котормосунда жарык көргөндүгүн айтып, студенттерге китепти окууга кеңеш берет. Андан соң окутуучу Расул Гамзатовдун чыгармачылыгында мекен, эне тил, улут, улуттук каада-салт, маданият сыяктуу темалар басымдуулук кылгандыгын айтып, лирикалык ырларынан көркөм окуйт. Окутуучу ырдын текстин берип, студенттерге да көркөм окутат.

Болжолдуу тыянак. Өз эне тилине болгон ыйык мамиле, эне тилди эне сыяктуу эле сыйлоо, урматтоо, аны менен сыймыктануу, эне тилин аздектеп, барктап колдонуу бардык элдерде кеңири жайылган. Анткени залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов айткандай: “Элдин өмүрү - анын тилинде” кандай улуу сөз, улутту улут кылып турган, башка элден айырмалап турган эне тили экенин

жакшы билишкен. Ошондуктан, ар бир улуттун мыкты акындары өз эне тилине арнап, өлбөс-өчпөс чыгармаларын жазышкан.

Сабак процессинде лирикалык чыгармаларды окутуунун потенциалдары абдан көп.Аны окутууда шарттуу түрдө көркөм окуу, көркөм сөз каражаттары жана ыр түзүлүшү менен иштөө, ырдын негизинде аңгеме-сукбат жүргүзүү, лирикалык маанайды, каармандын ички толгонууларын байкоо, лирикалык каармандын образын ачуу, сүрөттөр менен иштөө, ыр окулуп жатканда ылайыктуу музыка уктуруу, чыгарманы жаттоо жана көркөм айтып берүү, ырдын негизинде миниатюралык эссе жазуу ж.б ыкмаларды колдонсок болот. Ошондой эле лирикалык чыгармаларды окутуу менен чыгарманын мазмунуна жараша адамдын турмушундагы кездешүүчү терс сапаттарга каршы туруугa, багыт алууга, адеп-ахлактык көндүмдөргө ээ болууга, жаратылыштын кайсы мезгили болбосун, сулуулугун, кооздугун сезе билип, пейзаж деген эмне экенин биле алышат. Эгер тоолор жөнүндөгү ыр боло турган болсо, тоонун арасында жашап жүрүп, өзүбүз анча көп байкабай жүргөн асыл касиеттерди ырды окуу менен сезип, Ата Мекенди сүйүүгө, аны барктоого, коргоо сезимдерин ойготууга, баамчылдыкка үйрөтүүгө болот. Студенттер ыр түзүлүшү боюнча ой жүгүртүп, уйкаштыгы, өлчөм жөндөмүндө ой бөлүшүүнүн жыйынтыгында түшүнүктөргө ээ болушат. Ырды талдоого үйрөнүшөт. Сөз берметтерине көңүл бурушат.Сабактын соңунда үйгө тапшырма берилип, студенттердин сабакка катышуусуна карап, канча упай топтогонуна жараша мугалим формативдик баалоо жүргүзөт.

Демек, лирикалык чыгарманы окутууда Л.Гинзбург айткандай, адам анда автор же аны баяндоочу объект катары гана катышпастан, анын субъектиси, чыгарманын эстетикалык түзүлүшүнө сиңирилген анын кыймылдагы элементи [7: С.7 ] катары кирерине өзгөчө басым койгону оң. Бул боюнча орус адабиятында лирикалык чыгармаларды окутууну изилдеген методист З.Рез төмөнкүдөй пикирин билдирет: "Лирика кызыктуу педагогикалык касиетке ээ. Ал окуучулардын эмоционалдык-адептик мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүүгө жөндөмдүү".

Жыйынтыктап айтканда, жогорку окуу жайларында лирикалык чыгармаларды окутууда колдонулуучу жаңы усул-ыкмалардын өзөгүн жандуу, максаттуу пикир алышуу түзүп, көрсөтмөлүүлүк, ойготуучулук, кызыктыруучулук, кошо жаратуучулук, калыптандыруучулук ж.б. максат-милдеттер аны ишке ашыруунун универсалдуу жана уникалдуу күчү экендигине ынандык. Адабият сабагын өтүүдө жаңы ыкмаларды арбын жана максатына ылайык ыктуу пайдалансак, кыргыз адабиятын үйрөнүүгө аң-сезимдүү жана атуулдук мамиле жасаган социалдык жактан активдүү инсанды тарбиялай алабыз деп ишенебиз.

***Пайдаланылган адабияттар:***

1. Борбугулов М. Адабият теориясы.–Бишкек, 1996.–552б.
2. Батаканова С. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. – Бишкек 2010. - 288б.
3. Жигитов С. Ырлар жана жылдар.- Фрунзе, 1972.-180б.
4. Жигитов С. 20-жылдардагы кыргыз адабияты. –Фрунзе, 1984.-158б.
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Бишкек, 2016.
6. Муратов А.Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. Бишкек, 2013.-229-230б.
7. Гинзбург Л. О лирике. Изд.2-е -Л.: Сов.писатель, 1974.- С.7.
8.Суранова Н. Лирикалык чыгармалар кыргыз тили сабагында. Эл агартуу №3-4, Бишкек, 2014.-Б-15.
9. Шейшенбаева А. Акындар поэзиясы коомду таанып билүүнүн булагы катары. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №1, 2016.-Б-150-152.

***Рецензент: Шейшенбаева А. М.*** - *философия илимдеринин кандидаты.- К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Тарых жана философия кафедрасында доценттин милдетин аткаруучу.*